«БЕКИТЕМИН»
ОшМУ жана Б.Сыдыков атындагы
КӨЭУнин алдында уюштурулган
К 08.22.656 Диссертациялык
кеңештин төрагасы э.и.д., профессор
______Ч.Р.Кулуева
17 май 2024-ж.

## ПРОТОКОЛ №22

**Ош мамлекеттик университети жана Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган К 08.22.656 Диссертациялык кеңештин тең уюштуруучуларынын өкүлдөрүнүн катышуусунда алдын ала коргоо боюнча**

17-май 2024-ж, дареги: Ош ш.

**Катышуучулар:**

Кулуева Чинара Раимкуловна – э.и.д., профессор, ДКтин төрагасы; Райымбаев Чаткалбай Кенейбаевич э.и.д., профессор, төраганын орун басары; Турдубаев Салыжан Кадырович – э.и.д., доцент; Ташбаев Азизбек Мазанович – э.и.д., доцент; Турдиев Талаай Исраилович – э.и.д., доцент; Гыязов Айдарбек Токторович – э.и.д., доцент; Джоробаева Мукаддас Абдужалиловна – э.и.д., доцент; Маткеримова Анархан Маткасымовна – э.и.д., профессор **(on-line)**; Арзыбаева Менди Абдисалимовна – к.э.н.; Исраилов Тимур Мурзабекович – э.и.к., доцент; Исманалиев Курманбек Искандарович – э.и.к., ДК окумуштуу катчысы.

**Күн тартибиндеги маселе:**

Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» аттуу темадагы диссертациялык ишин алдын ала коргоосу.

**Угулду:**

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:** Саламатсыздарбы урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Күн тартибинде төмөнкү маселе каралып жатат:

Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» аттуу темадагы диссертациялык ишин алдын ала коргоо. Илимий жетекчиси, экономика илимдеринин доктору, доцент Гыязов Айдарбек Токторович илимий жетекчиси катышууда.

Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү белгилей кетүүчү нерсе, бүгүнкү Диссертациялык кеңештин отурумунда, эки адистик боюнча Диссертациялык кеңештин 11 мүчөсү катышууда, 08.00.05 адистиги боюнча Диссертациялык кеңештин 8 мүчөсү жана 08.00.12 адистиги боюнча Диссертациялык кеңештин 3 мүчөсү катышууда. Биздин Диссертациялык кеңеш 08.00.05 адистиги боюнча алдын ала коргоону жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу.

Урматтуу изденүүчү, сизге сөз берүүдөн мурун, изденүүчү жөнүндө маалымдаманы берүү үчүн Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, экономика илимдеринин кандидаты Исманалиев Курманбек Искандаревичке сөз берилет.

**Окумуштуу катчы э.и.к. Исманалиев К.И.:**

Кунназаров Айбек Ысмайылович Кыргыз Республикасынын жараны, 1993-жылдын 19-майында Баткен облусунун Баткен районунун Достук айылында туулган. Учурда Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя технология, экономика жана укук институтунун, техника, экономика жана курулуш кафедрасында ага окутуучу болуп иштейт.

Кандидаттык диссертациянын темасы: «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» Баткен мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2016-жылдын 18-октябрь №2 протоколу, 2022-жылдын 27-октябрь №1 протоколунун чечиминин негизинде диссертациялык темасы бекитилген.

Илимий жетекчиси: э.и.д., доцент Гыязов Айдарбек Токторович.

Диссертация БатМУнун Кызыл-Кыя технология, экономика жана укук институтунун техника, экономика жана курулуш кафедрасында аткарылды.

Баткен мамлекеттик университетинин Социалдык-экономикалык жана укук кафедрасынын 2024-жылдын 22-январында №1 протоколунун кеңейтилген отурумунда, коргоо үчүн диссертациялык кеңешине сунушталган.

Изилдөө темасы боюнча 15 илимий макала жарык көргөн, анын ичинен илимий макала жарык көргөн РИНЦ системасы, 1 SCOPUS макаласы, УАК тарабынан сунушталган илимий басылмалар Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу импакт-фактор 0,1ден кем эмес (жалпы көлөмү 2,9 п.п.). Жалпы 245 баллды түзөт.

Коргоо үчүн сунушталган диссертациялык иштин негизги илимий натыйжалары төмөнкүлөр:

- жаратылышты пайдалануунун концепциясын тактоо, экономиканын социалдык-экологиялык жана экономикалык өнүгүүсүнүн системалуу көз карашын калыптандыруу жана туруктуулук критерийи боюнча экономикалык тутумдун өнүгүү түрлөрүнүн матрицасын сунуштоо;
- өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун баалоо критерийлеринин тутумун жана өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун сарамжалдуулугун талдоону комплекстүү методологиялык камсыздоону сунуштоо;
- Кыргыз Республикасындагы жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү ( поликритериалдык баа берүү) жана анын натыйжалары боюнча Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугунун жана туруктуулугунун имитациялык моделин түзүү;
- Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун өркүндөтүлгөн уюштуруучулук-экономикалык механизмин сунуштоо;
- Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун алгоритмин иштеп чыгуу;
- 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү боюнча комплекстүү сунуштарды берүү.

К.08.22.656 диссертациялык кеңештин отурумунда диссертациялык иш кароого кабыл алынып, анда эксперттик комиссиянын курамы Турдиев Талаай Исраилович э.и.д., доцент; Маткеримова Анархан Маткасымовна э.и.д., профессор; Арзыбаева Меңди Абдисалимовна э.и.к. түзүлгөн.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:** Илимий катчыга суроолоруңуз барбы? Суроолор жок болсо, сөз изденүүчү Кунназаров Айбек Ысмайыловичке берилет. Диссертациялык иштин негизги жыйынтыктарын көрсөтүү үчүн изденүүчүгө 15 мүнөттөн 20 мүнөткө чейин убакыт берилет.

**Изденүүчү Кунназаров А.Ы.:** Саламатсыздарбы, Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү! Уруксат берсеңиздер менин диссертациялык ишимдин темасы: «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» Илимий жетекчи: экономика илимдеринин доктору, доцент Гыязов Айдарбек Токторович.

**Диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуулугу** Кыргыз Республикасынын бардык чарба жүргүзүүчү субъектилери тарабынан жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу маселелерине көңүл буруунун жогорулашына байланыштуу. Прогрессивдүү кыргыз коомунда экологиялык позиция азыр ачык калыптанып, экопродукцияга олуттуу суроо-талап жаралды. Күчтүү экологиялык баалуулуктар биздин өлкөнүн глобалдык интеграцияланган бизнес чөйрөсүнө терең сиңип калды. Ата мекендик бизнести жогорку деңгээлдеги экологиялык жоопкерчиликти көрсөтүүгө үндөгөн бизнес экологиялык маданият калыптанды.

Изилдөө объектиси: Кыргыз Республикасындагы жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу.

Изилдөөнүн предмети: Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу процессинде келип чыгуучу уюштуруучулук-башкаруучулук жана социалдык-экономикалык мамилелер.

Изилдөөнүн максаты: Кыргыз Республикасындагы жаратылышты пайдалануунун заманбап тажрыйбасын изилдөө жана анын натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу аркылуу жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу келечегин аныктоо.

Диссертациянын илимий жаңылыгы өлкөнүн социалдык -экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун системалуу түшүнүгүн калыптандырууда, Кыргыз Республикасында “жашыл” экономиканын улуттук моделинин өзгөчөлүктөрүн тактоодо, ата мекендик социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин маңызын, ошондой эле Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу үчүн бул тутумду мамлекеттик жана корпоративдик башкарууну өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрүн ачып берүүдө турат.

Жаратылышты пайдалануунун концепциясы экологиялык жоопкерчиликтин негизинде ишке ашырылууга тийиш болгон жана жаратылышка аяр мамиле кылууну жана коргоону туюндурган чарбакер субъектилердин айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүсү катары такталды, ага ылайык экономиканын социалдык-экологиялык өнүгүүсүнө системалуу көз караш калыптанды жана туруктуулук критерийи боюнча экономикалык тутумдун өнүгүү түрлөрүнүн матрицасы сунушталды.

Жаратылышты пайдаланууда айлана-чөйрөгө негизсиз зыян келтирген жана ар түрдүү кызыкдар тараптардын ачык сынына алып келген практикасы терс деп эсептелет. Жаратылышты пайдалануу ТӨМгө ылайык ишке ашырылган жана экономикалык гана эмес, экологиялык көз караштан да натыйжалуу болгон практиканы дурус деп кароо максатка ылайыктуу. Жогоруда сунушталган аныктамалардын негизинде экономиканын социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн системалуу көз карашы түзүлдү, ал 1-сүрөттө слайдда берилген.

2-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, эгерде бир убакта социалдык-экономикалык жана экологиялык натыйжалуулуктун жогорку деңгээли байкалса, экономикалык тутумдун туруктуу социалдык-экологиялык жана экономикалык өнүгүүсүнө жетишилет. Калган бардык учурларда бул тутумдун өнүгүшү туруктуу эмес. Мисалы, экологиялык натыйжалуулук жогору, бирок социалдык-экономикалык натыйжалуулук төмөн учурда экономикалык тутумдун интенсивдүү “жашыл” өсүшүнүн фонунда анын социалдык-экономикалык кризиси келип чыгат.

Социалдык-экономикалык натыйжалуулук жогору, бирок экологиялык натыйжалуулук төмөн болгон экономикалык тутумдун экологиялык кризиси анын

интенсивдүү экономикалык өсүшүнүн жана социалдык прогрессинин фонунда пайда болот. Эгерде социалдык-экономикалык жактан да, экологиялык жактан да натыйжалуулук төмөн болсо, бул экономикалык тутумдун системалуу кризисин шарттайт, анда толугу менен социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүү жок болот.

Экономикалык тутумдун социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун комплекстүү баалоо боюнча төмөнкү критерийлердин жыйындысы түзүлгөн (1-таблица).

Өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн критерийлердин тутуму жана өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун сарамжалдуулугун талдоону комплекстүү методологиялык камсыздоо сунушталды, ал жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун сандык өлчөө үчүн автордук формуланы жана өлкөнүн социалдык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун туруктуулугун аныктоо үчүн атайын иштелип чыккан шкаланы өз ичине камтыйт.

Жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүлдү, ал Кыргыз Республикасында бул натыйжалуулукка поликритериалдык баа берүү болуп саналат, анын жыйынтыгы боюнча имитациялык моделдер түзүлүп, Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык--экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун интегралдык натыйжалуулугу тутуму жогору болгону менен, тең салмактуу эместигин, бул жагдай интенсивдүү “жашыл” өсүштүн фонунда социалдык-экономикалык кризиске алып келерин көрсөттү.

Өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык системасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун баалоо боюнча автордук методикага ылайык 2022-жылы өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүлдү. Интегралдык натыйжалуулук төмөнкүчө эсептелди: ИН = (0,51 + 2,18 + 0,64)/3=3,33/3=1,11.

Бул жагдай жаратылышты пайдаланууда жалпы жетишкендиктердин өсүү темпи жаратылышты пайдаланиуудагы жалпы кемчиликтердин өсүү темпине караганда тез экенин билдирет. Алынган баалоонун натыйжасы Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун жогорку интегралдык натыйжалуулугун көрсөтөт.

3-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасын 2022-2023-жылдары туруктуулук критерийи боюнча өнүктүрүү экономикалык тутумдун интенсивдүү “жашыл” өсүшүнүн фонунда анын социалдык-экономикалык кризисинин түрүнө туура келет. Бул биздин өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумдарынын тең салмаксыздыгын көрсөтөт: социалдык жана экологиялык өнүгүү экономикалык өнүгүүдөн алдыда турат.

Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумун өнүктүрүүнүн оптималдуу түрүнө – туруктуу өнүгүүгө өтүүнү камтыйт. Бул жаратылышты пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатууну, ошондой эле Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун экологиялык натыйжалуулугун андан ары жогорулатууну талап кылат.

Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун өркүндөтүлгөн уюштуруучулук-экономикалык механизми сунушталды, анын артыкчылыктары экологиялык каржылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик (улуттук) бюджетке экологиялык каржылоонун жүгүн азайтуу жана аны жеке эко-инвесторлорго берүү, рыноктордо “жашыл” атаандаштыкка дем берүү, экологиялык инвестицияларды көбөйтүү жана жаратылышты циклдик сарамжалдуу пайдалануу, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу багыттарын системалуу камтуу (кемчиликтерди толтуруу) болуп саналат.

Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун өркүндөтүлгөн уюштуруучулук-экономикалык механизминин (4-сүрөт) колдонуудагы механизмге салыштырмалуу өзгөчөлүгү мында - Кыргыз Республикасынын “жашыл” экономикасын өнүктүрүүдө жеке рыноктун агенттерине негизги ролду берет. Бирок бул роль стихиялуу эмес, ата мекендик экономикалык тутумда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу жана туруктуулугу үчүн стратегиялык артыкчылыктарды, талаптарды, нормаларды, стандарттарды белгилеген мамлекеттик жөнгө салуучу органдардын так жетекчилиги астында аткарылат.

2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун алгоритми иштелип чыкты, анын артыкчылыктары болуп жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чаралардын так ырааттуулугу, 2030-жылга чейин жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун мезгилдүүлүгү, ар бир баскычта жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууга артыкчылык берүү, ошону менен бирге жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун натыйжалуулугун, туруктуулугун жана аны көзөмөлдөөнү жогорулатуу эсептелет.

5-сүрөттөн көрүнүп тургандай, 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун үч баскыч менен жогорулатуу болжолдонот. Биринчи баскыч - жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугундагы чабал жактарды жоюу. Экинчи баскыч - ар кандай критерийлер боюнча натыйжалуулуктун ажырымын жоюу - экологияны туруктуу башкарууга жетишүү. Үчүнчү баскыч - натыйжалуулукту тең салмактуу жогорулатуу жана жаратылышты пайдалануунун туруктуулугун бекемдөө.

Жогоруда көрсөтүлгөн алгоритмге ылайык, 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү боюнча комплекстүү сунуштар берилди, ал өз ичине 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча «жол картасын» жана 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн логикалык схемасын камтыйт.

2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча «жол картасы» түзүлдү (6-сүрөт). Биздин өлкөдө “жашыл” экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндө жогорку натыйжалуу чечимдерди кабыл алуу үчүн түзүлгөн “жол картасына” ылайык жана аны толуктоо үчүн Кыргыз Республикасында 2030-жылга чейин жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна туруктуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн логикалык схемасын иштелип чыкты.

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй тыянактар чыгарылды:

1. Жаратылышты пайдалануунун экономикасы жөнүндөгү теориялык ойлор системалаштырылды. Бул жагдай жаратылышты кабыл алуу критерийи жана ага жаратылышты пайдалануу субъектилеринин мамилеси боюнча жаратылышты пайдалануу экономикасынын маңызын чечмелөөдө концептуалдык ыкмалардын автордук классификациясын түзүүгө мүмкүндүк берди. Ага ылайык жаратылышты пайдалануу экономикасынын маңызын чечмелөөнүн үч концептуалдык ыкмасы аныкталган, алар: керектөөчү, сарамжалдуу жана жоопкерчиликтүү мамиле болуп саналат жана анын теориясы менен практикасынын өнүгүшүнө жараша бири-бирин алмаштырат.

2. Акыркы заманбап мамиленин негизинде жаратылышты пайдалануунун автордук аныктамасы чарба жүргүзүүчү субъектилердин айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүсү катары берилген, ал экологиялык жоопкерчиликтин негизинде ишке ашырылууга тийиш жана жаратылышка аяр мамиле кылууну жана коргоону билдирет.

3. Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин өзгөчөлүктөрү: жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууну мамлекеттик каржылоого караганда жеке каржылоонун басымдуу болушу; токойлорду кыюуну кыскартууда жана корук аймактарды коргоодо мамлекеттик субсидиялардын негизги ролу; абага чыгындыларды жана 1-класстын калдыктарын азайтууда коммерциялык экологиялык каржылоонун негизги ролу; токойлорду калыбына келтирүү, суу булактарынан суу алуу жана ченемдик тазаланган сууну агызуу көлөмү, зыяндуу заттарды, үчүнчү жана төртүнчү класстагы калдыктарды зыянсыздандыруу үчүн финансылык рычагдардын жоктугу белгиленген;

4. Жаратылышты пайдалануунун топтолгон жетишкендиктеринин өсүү темпи жаратылышты пайдалануунун топтолгон кемчиликтеринин өсүү темпине караганда тезирээк, ал эми жаратылышты пайдалануунун интегралдык натыйжалуулугу жогору деген тыянак чыгарылды. Бирок, 2022-2023-жылдары Кыргыз Республикасын туруктуулук критерийи боюнча өнүктүрүү (11,9% вариация менен орточо 74,8 баллды түзөт) анын интенсивдүү "жашыл" өсүшүнүн фонунда экономикалык тутумдун социалдык-экономикалык кризисинин түрүнө туура келет. Бул биздин өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумдары теңдемсиз экенин көрсөтөт: социалдык (80,7 балл) жана экологиялык (79,2 балл) өнүгүү экономикалык (64,6 балл) өнүгүүдөн алдыда турат.

5. Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумун өнүктүрүүнүн сценарийлери жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу жана туруктуулугу позициясынан аныкталган. Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун экономикалык, социалдык жана экологиялык туруктуулугу тең салмактуу боло турган жана ар бири 80 баллды түзгөн эң келечектүү сценарий сунушталат. Бул сценарий жеке экологиялык инвестицияларды 1819,30%га көбөйтүүнү, ошондой эле 2026-жылга чейин жаратылышты коргоого республикалык бюджеттен мамлекеттик каржылоону 96,14%га кыскартууну сунуштайт.

Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдаланууну анын натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу аркылуу сарамжалдуу пайдалануу боюнча автордук мамилени иштеп чыгуу саналат, бул үчүн төмөнкү практикалык сунуштар берилди:

1. Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизмин өркүндөтүү;
2. Өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун баалоо критерийлеринин тутуму жана жаратылышты пайдалануунун сарамжалдуулугун талдоону комплекстүү методологиялык камсыздоо;
3. Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун алгоритми;
4. Алгоритмдин ар бир баскычында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү үчүн көрсөткүчтөрдүн көзөмөлдүк маанилери (2026-ж., 2028-ж. жана 2030-жылдар);
5. Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты башкарууну рационализациялоо боюнча «Жол картасы»;
6. Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн логикалык схемасы.

Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат!

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:** Рахмат Кунназаров Айбек Ысмайылович мазмунду докладыңыз үчүн! Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, доклад аяктады. Кийинки процедуралык маселелерге өтөлү. Диссертациялык иш боюнча кимде кандай суроолор бар?

Суроо үчүн сөз экономика илимдеринин доктору, профессор Райымбаев Чаткалбай Кенейбаевичге берилет.

**Райымбаев Чаткалбай Кенейбаевич, э.и.д.., профессор:** Айбек Ысмайылович, авторефератта 6-сүрөттө көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча "Жол картасы" боюнча түшүндүрүп кетсеңиз? Жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууда сиз жактан кандай сунуштар берилет?

**Изденүүчү А.Ы. Кунназаровдун жообу:** Урматтуу Райымбаев Чаткалбай Кенейбаевич суроонуз үчүн рахмат. Кыргыз Республикасында 2030-жылга чейин жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун сүрөттөлгөн алгоритми төмөнкүдөй артыкчылыктарга ээ: жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-аракеттердин так ырааттуулугу; жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу 2030-жылга чейин мезгилдүүлүккө бөлүштүрүү; ар бир баскычта жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууга артыкчылык берүү; жаратылышты натыйжалуу жана туруктуу пайдаланууну бир эле учурда жогорулатуу; жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууну көзөмөлдөө. Жогоруда көрсөтүлгөн алгоритмге ылайык, 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү боюнча комплекстүү сунуштар берилди, ал өз ичине 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча «жол картасын» жана 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн логикалык схемасын камтыйт.

**Турдубаев Салыжан Кадырович э.и.д., профессор.:** Айбек Ысмайылович Сиздин темаңыз боюнча Сизге чейин жаратылышты пайдалануу экономикасы жана курчап турган чөйрөнү коргоо маселелери боюнча изилдөөлөрдү ким жүргүзгөн, ата мекендик жана чет өлкөлүк авторлорду атаңыз? Кийинки суроо Диссертациялык изилдөөдө эсептөө үчүн кандай анализ ыкмаларын колдондуңуз?

**Изденүүчү А.Ы. Кунназаровдун жообу:**Урматтуу Салыжан Кадырович суроонуз үчүн рахмат.

<u>Биринчи суроонузга жооп бере кетсем.</u> Жаратылышты пайдалануу экономикасынын жана айлана-чөйрөнү коргоонун теориялык негиздери Д.А. Айрапетов, М.В. Алябьева, Т.М. Алябьева, Е.В. Бобрышева, А.А. Булаков, С.А. Вдовин, Е.С. Волкова, Л.И. Гончарова, А Квадрио Курцио, E.D. Комаревцева, М.Коммон, В.А. Конобраткина, Д.В. Кудряшова, А.А. Курочкина,. Янкович жана башкалардын эмгектеринде чагылдырылган.

Өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун сарамжалдуулугун өлчөө критерийлери катары учурдагы адабияттарда атап айтканда Х.Абуду, С.Д. Агьеман, И.Альварес -Меаса, Д.Басак, К.Билал, А.Бозе, М.С. Вавилкин, И.А. Дубровин, Л.Йе, Д.Канная, А.С. Куличенко, Н.С. Пласкова, С.Рой, Р.М.Рио-Белвер, Н.А. Рытова, жана башка авторлор жаратылышты пайдалануунун туруктуулугун жана натыйжалуулугун сунуштайт.

Өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун социалдык-экономикалык баалоого байланышкан методологиялык маселелер Н.С. Волостнов, В.А. Гаврилова, А.М. Жороева, М.Н. Игнатьева, Н.А. Кайымов, О.Г. Комарова, А.Л. Лазутина, Н.Е. Назарова, З.Р. Носков, Н.Г. Пусра, Н.Н. Романовская, В.Е. Стровский, Н.К. Суйналиева жана башка изилдөөчүлөрдүн басылмаларында чагылдырылган.

Кыргыз Республикасынын социалдык - экологиялык -экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун заманбап тажрыйбасы Д.Ж. Асанбекова, М.Джан, Н.Жолдошев, Т.Жолдошева, А.Т. Жакыпбекова, Ж.И. Истамкулов, А.Кадыралиев, Х.Кан, У.А. Кенжебек, В. Кожогулова, А. Кожомкулова, А.М. Козубалаева, Г.А. Кулчинова, У.Суеркулов, Г.Супаева, Б.М. Туманбаев, А.Хожаоглу-Озийгит, Т.М. Чодураев, Ж.Шералиева, И.Э. Ялчин жана башкалардын изилдөөлөрүндө баяндалган.

Экинчи суроого жооп. Диссертациялык изилдөөдө эсептөө үчүн кандай анализ ыкмаларын колдондуңуз? Диссертациялык изилдөөнүн методикалык аппараты системалык мамиленин жоболоруна таянат жана салыштырма, проблемалык жана SWOT - анализ, вариация анализи, синтез, системалаштыруу, классификациялоо, масштабдоо, таблица жана графикалык метод сыяктуу ыкмаларды камтыйт.

**Джоробаева Мукаддас Абдужалиловна, э.и.д., доцент:** Айбек Ысмайылович Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун практикалык жана экономикалык маанисин тактап өтсөңүз?

**Изденүүчү А.Ы. Кунназаровдун жообу .:** Урматтуу Мукаддас Абдужалиловна суроосуз үчүн ыраазычылык билдирем.

Суроонузга жооп бере кетсем. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси келечек багыттарды негиздөөдө, комплекстүү илимий-методикалык камсыздоону жана Кыргыз Республикасында анын натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу жолу менен жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун мониторингин жана башкарууну өркүндөтүү боюнча колдонулуучу сунуштарды иштеп чыгууда турат.

Диссертациянын бул тармактагы адабиятка кошкон салымы жана алынган натыйжалардын теориялык мааниси жаратылышты пайдалануунун экономикасы жөнүндө теориялык идеяларды системалаштыруу, Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин өзгөчөлүктөрүн тактоо, ошондой эле анын кемчиликтерин жана аларды жоюу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо болуп саналат.

Диссертацияда камтылган илимий иштелмелер Кыргызстандын ЖОЖдорунун окуу процессинде "Экологиялык экономика", "Жашыл экономика", "Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу", "Корпоративдик экологиялык жоопкерчилик" сыяктуу окуу дисциплиналарын окутууда колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөнүн экономикалык мааниси диссертацияда түзүлгөн Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумун өнүктүрүүнүн сценарийлери жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу жана туруктуулугу призмасы аркылуу биздин өлкөдө жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу келечегин ачып бергендиги менен шартталган. Жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу жана туруктуулугу позициясынан кыйла артыкчылыктуу сценарийди практикага киргизүү боюнча берилген сунуштар 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу жаатындагы потенциалын толук ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

**Ташбаев Азизбек Мазанович э.и.д., доцент:** Жаратылышты пайдалануу боюнча темага байланыштуу илимий багыттар, программалар долбоорлор барбы?

**Изденүүчү А. Ы. Кунназаровдун жообу.:** Урматтуу Азизбек Мазанович суроонуз үчүн рахмат. Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 16-июнундагы № 53 «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» Мыйзамын; Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 23-ноябрындагы № 506 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экологиялык коопсуздугунун Концепциясын; Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасын практикага киргизүү боюнча илимий-методикалык негизди түзөт жана илимий-практикалык сунуштарды берет.

**Исраилов Тимур Мурзабекович э.и.к., доцент:** Айбек Ысмайылович 16-бетте 3-таблицада ТӨМ ны көрсөтүпсүз кандай көрсөткүч менен эсептедиңиз?

**Изденүүчү А.Ы. Кунназаровдун жообу:** Урматтуу Тимур Мурзабекович рахмат суроонузга. Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун туруктуулугуна мониторинг жүргүзүлүп, Кыргыз Республикасынын 2023-жылдагы бул өнүгүүсүнө 3-таблицада поликритериалдык баа берилген. 3-таблица. Кыргыз Республикасынын 2023-жылдагы социалдык-экологиялык

жана экономикалык өнүгүүсүнүн туруктуулугуна поликритериалдык баа берүү 3-таблицада 2023-жылы Кыргыз Республикасынын экономикалык (ЭКТ), социалдык (СТ) жана экологиялык (ЭГТ) туруктуулугуна ылайык келген ТӨМ көрсөткүчтөрүнүн орточо арифметикалык көрсөткүчү төмөнкүдөй эсептелген:

$$Тжар=(64,6+80,7+79,2)/3=74,8 \text{ балл}$$

Алынган маани $65 \leq Uprir < 80$ интервалына түштү, башкача айтканда, Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун интегралдык туруктуулугу жогору. 3-таблицадагы ТӨМ көрсөткүчтөрүнүн арифметикалык стандарттык четтөөлөрү 8,9 балл болгон жана вариация төмөнкүдөй эсептелген:

$$V_{ТӨМ}=8,9*100\%/74,8=11,9\%$$

Алынган маани $V_{ТӨМ} \leq 25$ интервалына түштү, башкача айтканда, Кыргыз Республикасында жаратылышты туруктуу пайдалануудагы вариация төмөн болуп чыкты. Автордук шкала боюнча Тжар жана $V_{ТӨМ}$ айкалышы өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануу практикасынын "дээрлик жетишилген туруктуулугу" катары чечмеленет.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:** Биринчи суроо - социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун карап чыгып кандай талдоо жүргүздүңүз жана жашыл экономиканын улуттук моделдерин айтып берсеңиз? Экинчи суроо - Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу Баткен обласы боюнча айтып берсеңиз?

**Изденүүчү Кунназаров А.Ы:** Урматтуу Чинара Раимкуловна рахмат суроонузга.

Биринчи суроонузга жооп бере кетсем. Биздин өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун (2022-жылы) жана туруктуулугун (2023-жылы) баалоонун натыйжаларын бириктирүү туруктуулук критерийи боюнча Кыргыз Республикасынын экономикалык тутумунун өнүгүү түрлөрүн аныктоого мүмкүндүк берди (3-сүрөт). 3-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасын 2022-2023-жылдары туруктуулук критерийи боюнча өнүктүрүү экономикалык тутумдун интенсивдүү "жашыл" өсүшүнүн фонунда анын социалдык-экономикалык кризисинин түрүнө туура келет. Бул биздин өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумдарынын тең салмаксыздыгын көрсөтөт: социалдык жана экологиялык өнүгүү экономикалык өнүгүүдөн алдыда турат.

Экинчи суроонузга жооп бере кетсем рахмат суррондузга бир эле Баткен облусуна эмес Республика боюнча жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун өркүндөтүлгөн уюштуруучулук-экономикалык механизми сунушталды, анын артыкчылыктары экологиялык каржылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик (улуттук) бюджетке экологиялык каржылоонун жүгүн азайтуу жана аны жеке эко-инвесторлорго берүү, рыноктордо "жашыл" атаандаштыкка дем берүү, экологиялык инвестицияларды көбөйтүү жана жаратылышты циклдик сарамжалдуу пайдалануу, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу багыттарын системалуу камтуу (кемчиликтерди толтуруу) болуп саналат.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:** Жооп бергениңиз үчүн чоң рахмат. Сөз эксперттик комиссиянын төрагасы, э.и.д., доцент Турдиев Талаай Исраиловичке берилет.

**Турдиев Талаай Исраилович э.и.д., доцент:** Саламатсыздарбы Урматтуу төрага жана мүчөлөрү Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» деген темада 08.00.05 – «тармактык экономика» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча Ош мамлекеттик университетинин жана Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча К 08.22.656 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын төрагасы э.и.д, доцент Турдиев Талаай Исраиловичтин корутундусу;

жана экономикалык өнүгүүсүнүн туруктуулугуна поликритериалдык баа берүү 3-таблицада 2023-жылы Кыргыз Республикасынын экономикалык (ЭКТ), социалдык (СТ) жана экологиялык (ЭГТ) туруктуулугуна ылайык келген ТӨМ көрсөткүчтөрүнүн орточо арифметикалык көрсөткүчү төмөнкүдөй эсептелген:

Тжар=(64,6+80,7+79,2)/3=74,8 балл

Алынган маани 65≤Uprir<80 интервалына түштү, башкача айтканда, Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун интегралдык туруктуулугу жогору. 3-таблицадагы ТӨМ көрсөткүчтөрүнүн арифметикалык стандарттык четтөөлөрү 8,9 балл болгон жана вариация төмөнкүдөй эсептелген:

$V_{ТӨМ}$ =8,9*100%/74,8=11,9%

Алынган маани $V_{ТӨМ} \leq 25$ интервалына түштү, башкача айтканда, Кыргыз Республикасында жаратылышты туруктуу пайдаланууда вариация төмөн болуп чыкты. Автордук шкала боюнча Тжар жана $V_{ТӨМ}$ айкалышы өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануу практикасынын "дээрлик жетишилген туруктуулугу" катары чечмеленет.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:** Биринчи суроо - социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун карап чыгып кандай талдоо жүргүздүңүз жана жашыл экономиканын улуттук модельдерин айтып берсеңиз? Экинчи суроо - Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу Баткен обласы боюнча айтып берсеңиз?

**Изденүүчү Кунназаров А.Ы:** Урматтуу Чинара Раимкуловна рахмат сурооңузга.

Биринчи сурооңузга жооп бере кетсем. Биздин өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун (2022-жылы) жана туруктуулугун (2023-жылы) баалоонун натыйжаларын бириктирүү туруктуулук критерийи боюнча Кыргыз Республикасынын экономикалык тутумунун өнүгүү түрлөрүн аныктоого мүмкүндүк берди (3-сүрөт). 3-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, Кыргыз Республикасын 2022-2023-жылдары туруктуулук критерийи боюнча өнүктүрүү экономикалык тутумдун интенсивдүү "жашыл" өсүшүнүн фонунда анын социалдык-экономикалык кризисинин түрүнө туура келет. Бул биздин өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумдарынын тең салмаксыздыгын көрсөтөт: социалдык жана экологиялык өнүгүү экономикалык өнүгүүдөн алдыда турат.

Экинчи сурооңузга жооп бере кетсем рахмат сурроңузга бир эле Баткен облусуна эмес Республика боюнча жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун өркүндөтүлгөн уюштуруучулук-экономикалык механизми сунушталды, анын артыкчылыктары экологиялык каржылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик (улуттук) бюджетке экологиялык каржылоонун жүгүн азайтуу жана аны жеке эко-инвесторлорго берүү, рыноктордо "жашыл" атаандаштыкка дем берүү, экологиялык инвестицияларды көбөйтүү жана жаратылышты циклдик сарамжалдуу пайдалануу, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу багыттарын системалуу камтуу (кемчиликтерди толтуруу) болуп саналат.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:** Жооп бергениңиз үчүн чоң рахмат. Сөз эксперттик комиссиянын төрагасы, э.и.д., доцент Турдиев Талаай Исраиловичке берилет.

**Турдиев Талаай Исраилович э.и.д., доцент:** Саламатсыздарбы Урматтуу төрага жана мүчөлөрү Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» деген темада 08.00.05 – «тармактык экономика» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча Ош мамлекеттик университетинин жана Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча К 08.22.656 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын төрагасы э.и.д, доцент Турдиев Талаай Исраиловичтин корутундусу;

Изденүүчү Кунназаров Айбек Ысмайылович тарабынан даярдалган диссертацияны жана изденүүчүнүн жарык көргөн эмгектерин карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. Диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуулугу. Бул теманын актуалдуулугу дүйнөнүн ар кайсы региондорунда экологиялык көйгөйлөрдүн санынын өсүшүнөн, анын социалдык-экономикалык абалына жана экономиканын калыптанып калган структурасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша ар бир өлкөнүн өзгөчөлүгүн эске алуу зарылдыгынан улам мурдагыдай эле жогору бойдон калууда. Экологиялык көйгөйлөр региондун өнүгүү келечегине жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө олуттуу таасирин тийгизет, анткени анын ишинин экономикалык көрсөткүчтөрүндө, инвесторлор жана калк үчүн жагымдуулугунда чагылдырылат, бул миграциялык процесстерге, квалификациялуу жумушчу күчүнүн болушуна таасирин тийгизет. Индикаторлордун комплекси социалдык-экономикалык коопсуздуктун абалын диагностикалоодо негизги ролду ойной тургандыгы далилденген. Индикаторлор системасы туруктуу өнүгүүнүн кандайдыр бир критерийи болуп саналат, аны сактоо, контролдоо жана аларга жетишүү боюнча активдүү аракеттерди көрүү зарыл.

Диссертациялык изилдөөдө системалык мамиленин жоболору колдонулган жана өзүнө салыштырма, проблемалык жана SWOT-анализ, вариация анализи, синтез, системалаштыруу, классификациялоо, масштабдоо, ошондой эле таблицалык жана графикалык метод сыяктуу ыкмаларды камтыйт, бул эсептөөлөрдүн ишенимдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берди. Иште Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатууну камсыз кылуу боюнча изилдөө жүргүзүлүүдө, анткени азыркы шарттарда жаратылышты пайдалануунун туруктуулугунун коркунучу өзгөчө жогору, ал натыйжалуулукту жогорулатууга терс факторлордун таасирин күчөтөт, Бул адистиктин паспортуна толук өлчөмдө жооп берет жана сунуштарды жана рекомендацияларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

2. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алууга укук берилген адистикке иштин дал келиши.

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Бул диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун заманбап тажрыйбасын жана келечегин изилдөөгө байланыштуу учурдагы адабияттардагы аныкталган боштуктарды толтурууга багытталган, бул жагдай теманы тандоону аныктаган, ал толугу менен 08.00.05 – «тармактык экономика» адистигинин паспортуна толук жооп берет.

3. Диссертациянын максаты - Кыргыз Республикасындагы жаратылышты пайдалануунун заманбап тажрыйбасын изилдөө жана анын натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу аркылуу жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу келечегин аныктоо. Бул максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөнкү милдеттер чечилет:

- жаратылышты пайдалануунун концепциясын тактоо, экономиканын социалдык-экологиялык жана экономикалык өнүгүүсүнүн системалуу көз карашын калыптандыруу жана туруктуулук критерийи боюнча экономикалык тутумдун өнүгүү түрлөрүнүн матрицасын сунуштоо;

- өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун баалоо критерийлеринин тутумун жана өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун сарамжалдуулугун талдоону комплекстүү методологиялык камсыздоону сунуштоо;

- Кыргыз Республикасындагы жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү ( поликритериалдык баа берүү) жана анын натыйжалары боюнча Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда

жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугунун жана туруктуулугунун имитациялык моделин түзүү;

- Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун өркүндөтүлгөн уюштуруучулук-экономикалык механизмин сунуштоо;

- Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун алгоритмин иштеп чыгуу;

- 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү боюнча комплекстүү сунуштарды берүү.

4. Илимий жыйынтыктар.

Диссертациянын илимий жаңылыгы өлкөнүн социалдык -экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун системалуу түшүнүүнү калыптандырууда, Кыргыз Республикасында "жашыл" экономиканын улуттук моделинин өзгөчөлүктөрүн тактоодо, ата мекендик социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин маңызын, ошондой эле Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу үчүн бул тутумду мамлекеттик жана корпоративдик башкарууну өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрүн ачып берүүдө турат. Диссертациялык изилдөөнүн төмөнкү натыйжалары илимий билимдин өсүшүнө өбөлгө түзөт:

1. Жаратылышты пайдалануунун концепциясы экологиялык жоопкерчиликтин негизинде ишке ашырылууга тийиш болгон жана жаратылышка аяр мамиле кылууну жана коргоону туюндурган чарбакер субъектилердин айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүсү катары такталды, ага ылайык экономиканын социалдык-экологиялык өнүгүүсүнө системалуу көз караш калыптанды жана туруктуулук критерийи боюнча экономикалык тутумдун өнүгүү түрлөрүнүн матрицасы сунушталды;

2. Өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн критерийлердин тутуму жана өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун сарамжалдуулугун талдоону комплекстүү методологиялык камсыздоо сунушталды, ал жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун сандык өлчөө үчүн автордук формуланы жана өлкөнүн социалдык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун туруктуулугун аныктоо үчүн атайын иштелип чыккан шкаланы өз ичине камтыйт.

3. Жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүлдү, ал Кыргыз Республикасында бул натыйжалуулукка поликритериалдык баа берүү болуп саналат, анын жыйынтыгы боюнча имитациялык моделдер түзүлүп, Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык--экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун интегралдык натыйжалуулугу тутуму жогору болгону менен, тең салмактуу эместигин, бул жагдай интенсивдүү "жашыл" өсүштүн фонунда социалдык-экономикалык кризиске алып келерин көрсөттү;

4. Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун өркүндөтүлгөн уюштуруучулук-экономикалык механизми сунушталды, анын артыкчылыктары экологиялык каржылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик (улуттук) бюджетке экологиялык каржылоонун жүгүн азайтуу жана аны жеке эко-инвесторлорго берүү, рыноктордо "жашыл" атаандаштыкка дем берүү, экологиялык инвестицияларды көбөйтүү жана жаратылышты циклдик сарамжалдуу пайдалануу, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу багыттарын системалуу камтуу (кемчиликтерди толтуруу) болуп саналат;

5. 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун алгоритми иштелип чыкты, анын артыкчылыктары болуп жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чаралардын так ырааттуулугу, 2030-жылга чейин жаратылышты сарамжалдуу

пайдалануунун мезгилдүүлүгү, ар бир баскычта жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууга артыкчылык берүү, ошону менен бирге жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун натыйжалуулугун, туруктуулугун жана аны көзөмөлдөөнү жогорулатуу;

6. Жогорудагы алгоритмге ылайык 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү боюнча комплекстүү сунуштар берилди, ал Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейинки социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча «жол картасын» жана Кыргыз Республикасында 2030-жылга чейин жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн логикалык схемасын камтыйт.

5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси келечек багыттарды негиздөөдө, комплекстүү илимий-методикалык камсыздоону жана Кыргыз Республикасында анын натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу жолу менен жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун мониторингин жана башкарууну өркүндөтүү боюнча колдонулуучу сунуштарды иштеп чыгууда турат.

Диссертациянын бул тармактагы адабиятка кошкон салымы жана алынган натыйжалардын теориялык мааниси жаратылышты пайдалануунун экономикасы жөнүндө теориялык идеяларды системалаштыруу, Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин өзгөчөлүктөрүн тактоо, ошондой эле анын кемчиликтерин жана аларды жоюу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо болуп саналат.

Диссертацияда камтылган илимий иштелмелер Кыргызстандын ЖОЖдорунун окуу процессинде «Экологиялык экономика», «Жашыл экономика», «Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу», «Корпоративдик экологиялык жоопкерчилик» сыяктуу окуу дисциплиналарын окутууда колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөнүн экономикалык мааниси диссертацияда түзүлгөн Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумун өнүктүрүүнүн сценарийлери жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу жана туруктуулугу призмасы аркылуу биздин өлкөдө жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу келечегин ачып бергендиги менен шартталган. Жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу жана туруктуулугу позициясынан кыйла артыкчылыктуу сценарийди практикага киргизүү боюнча берилген сунуштар 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу жаатындагы потенциалын толук ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.

Авторефераттын белгиленген максаттарга жана милдеттерге, диссертациялык иштин бөлүмдөрүнүн жана пункттарынын мазмунуна толук шайкештиги.

7. Эскертүүлөр:

1. Иште чарбанын социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн системалык көз карашы иштелип чыкты, критерийлердин комплекси аныкталды, өз ара аракеттенүү системасын түшүндүрүп бериңизчи жана бул Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүүсүнө кандай таасир берет?

2. Иште жумушсуздук, жумуштуулук, инфляция, Кыргыз Республикасынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү сыяктуу көрсөткүчтөр каралды. Бул көрсөткүчтөрдүн бардыгы изилдөө темасына кандай тиешеси бар, байланышты түшүндүрүңүз.

8. Сунуштар:

1. Өлкөбүздүн алкагында үч же беш жылдык маанилерге талдоо жүргүзүү туура болмок, экинчи главада бул Кыргыз Республикасынын региондорунун күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого мүмкүндүк бермек.

2. Экинчи бөлүмдө ар кандай мүнөздөгү көптөгөн көрсөткүчтөр каралат, балким, тар багытта басым жасоо керек болчу жана ошого жараша беш жыл.

9. Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык ишинин негизинде төмөнкү дайындоолорду сунуш кыламын:

*Жетектөөчү мекеме:* Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Экономикалык коопсуздук жана маркетинг» кафедрасы, Дареги: 720044, Бишкек шаары Ч. Айтматов проспекти 66.

*Биринчи оппонент* - Турдиев Талаай Исраилович экономика илимдеринин доктору, доцент, Ош шаарындагы Россия мамлекеттик социалдык университетинин филиалынын директорунун орун басары.

*Экинчи оппонент* - Туголбаева Дарыйка Манасбековна экономика илимдеринин кандидаты, Муса Рыскулбеков атындагы КЭУ ИИУнин «Туризм, меймандостук жана айлана чөйрө» кафедрасынын башчысы:

10. Корутунду.

Диссертациялык иш жалпысынан аяктады деп эсептелет, аныкталган сын-пикирлер жана кемчиликтер рекомендациялык мүнөзгө ээ жана диссертациялык изилдөөнүн илимий жана практикалык маанисин төмөндөтпөйт. Изилденген диссертациялык иш белгиленген талаптарга ылайык аткарылган, иште негиз болуп Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун сунушталган өркүндөтүлгөн уюштуруу-экономикалык механизми эсептелет деп эсептейм, анын артыкчылыктары болуп экологиялык каржылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик (улуттук) бюджетке экологиялык каржылоонун жүгүн кыскартуу жана аны жеке эко-инвесторлорго которуу, рыноктордо «жашыл» атаандаштыкты стимулдаштыруу, эко-инвестицияларды өстүрүү жана жаратылышты пайдаланууну циклдик рационалдаштыруу эсептелет, ошондой эле Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдаланууну рационалдаштыруу багыттарын системалуу камтуу (боштуктарды толтуруу). Коомдук коргоого сунушталат.

11. Диссертациялык кеңештин эксперти, берилген документтерди карап чыгып, Кунназаров А. Ы. Ош мамлекеттик университети жана Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин алдындагы К 08.22.656га карата диссертациялык кеңешке «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» деген темадагы Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин 08.00.05 – «Тармактык экономика» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган кандидаттык диссертациясын эл алдында коргоого алууну сунуштайт.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:** Биринчи эксперттин сунуштарына жооп берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

**А.Ы. Кунназаровдун жообу:** Рахмат, Урматтуу Талаай Исраилович эскертүүдө берген биринчи суроонуз боюнча, Экономикалык тутумдун социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун комплекстүү баалоо боюнча критерийлердин жыйындысы жана формула түзүлгөн. КР берилген ТӨМны 3 бөлүп карадык, ал экономикалык натыйжалуулуктун критерийлери, Коомдук натыйжалуулуктун критерийлери, Экологиялык натыйжалуулуктун критерийлери, Экономикалык тутумдун социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун ар тараптуу баалоо критерийлеринин топтому.

Экинчи эскертүү боюнча. Иште жумушсуздук, жумуштуулук, инфляция, Кыргыз Республикасынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү сыяктуу көрсөткүчтөр каралды. Бул көрсөткүчтөрдүн бардыгы изилдөө темасына кандай тиешеси бар, байланышты түшүндүрүңүз. Жаратылышты пайдаланууну жакшыртуу үчүн өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунун чарба жүргүзүүчү субъектилери тарабынан экологиялык чечимдерди кабыл алуусун маалыматтык камсыздоо чоң мааниге ээ. Бул үчүн жөнөкөй статистикалык колдоо жетишсиз, анткени анын материалдары чачыранды. Бул материалдарды экологиялык чечимдерди кабыл алууда колдонуу үчүн, биринчи

кезекте аларды системалаштыруу жана аларга кылдат талдоо жүргүзүү, анын ичинде жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу позициясынан талдоо зарыл.

Абдан жакшы сунуштарды бердиңиз мындан наары изилдөөлөрүмө сиздин сунуштарыңызды эске аламын.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р** Сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, экономика илимдеринин доктору, профессор Маткеримова Анаркан Маткасымовнага берилет.

**Маткеримова Анаркан Маткасымовна э.и.д., профессор.:** Саламатсыздарбы, Урматтуу Диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү.

Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» деген темада 08.00.05 – «тармактык экономика» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча Ош мамлекеттик университетинин жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча К 08.22.656 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын экинчи мүчөсү э.и.д, профессор Маткеримова Анаркан Маткасымовнанын корутундусу;

Изденүүчү Кунназаров Айбек Ысмайылович тарабынан даярдалган диссертацияны жана изденүүчүнүн жарык көргөн эмгектерин карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алууга укук берилген адистикке иштин дал келиши.

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Бул диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун заманбап тажрыйбасын жана келечегин изилдөөгө байланыштуу учурдагы адабияттардагы аныкталган боштуктарды толтурууга багытталган, бул жагдай теманы тандоону аныктаган, ал толугу менен 08.00.05 – «тармактык экономика» адистигинин паспортуна толук жооп берет.

2. Диссертациянын максаты - Кыргыз Республикасындагы жаратылышты пайдалануунун заманбап тажрыйбасын изилдөө жана анын натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу аркылуу жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу келечегин аныктоо. Бул максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөнкү милдеттер чечилген:

- жаратылышты пайдалануунун концепциясын тактоо, экономиканын социалдык-экологиялык жана экономикалык өнүгүүсүнүн системалуу көз карашын калыптандыруу жана туруктуулук критерийи боюнча экономикалык тутумдун өнүгүү түрлөрүнүн матрицасын сунушталган;

- өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун баалоо критерийлеринин тутумун жана өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун сарамжалдуулугун талдоону комплекстүү методологиялык камсыздоо сунушталган;

- Кыргыз Республикасындагы жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү (поликритериалдык баа берүү) жана анын натыйжалары боюнча Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугунун жана туруктуулугунун имитациялык моделин түзүлгөн;

- Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун өркүндөтүлгөн уюштуруучулук-экономикалык механизмин сунушталган;

- Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун алгоритмин иштеп чыгарылган;

- 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү боюнча комплекстүү сунуштар берилген.

3. Диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуулугу. Кыргыз Республикасынын бардык чарба жүргүзүүчү субъектилери тарабынан жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу маселелерине көңүл буруунун жогорулашына байланыштуу. Прогрессивдүү кыргыз коомунда экологиялык позиция азыр ачык калыптанып, экопродукцияга олуттуу суроо-талап жаралды. Күчтүү экологиялык баалуулуктар биздин өлкөнүн глобалдык интеграцияланган бизнес чөйрөсүнө терең сиңип калды. Ата мекендик бизнести жогорку деңгээлдеги экологиялык жоопкерчиликти көрсөтүүгө үндөгөн бизнес экологиялык маданият калыптанды.

Баяндалган жеке экологиялык демилгелер мамлекет тарабынан колдоого алынууга жана ишке ашырылууга сунушталат. Улуттук деңгээлде Кыргыз Республикасынын «жашыл» экономиканы өнүктүрүү саясаты жарыяланды. Бул Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 23-ноябрындагы № 506 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экологиялык коопсуздугунун Концепциясында чагылдырылган, ал ата мекендик экономикалык тутумда экономикалык өсүүнүн «жашыл» багытын ишке ашыруу үчүн бекем мыйзамдык негизди түзгөн. Ал Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук программасы менен толукталып, декарбонизация өлкөбүздүн «жашыл» экономикасынын артыкчылыктуу багыты катары белгиленди.

4. Илимий жыйынтыктар.

Диссертациянын илимий жаңылыгы өлкөнүн социалдык -экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун системалуу түшүнүүнү калыптандырууда, Кыргыз Республикасында "жашыл" экономиканын улуттук моделинин өзгөчөлүктөрүн тактоодо, ата мекендик социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин маңызын, ошондой эле Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу үчүн бул тутумду мамлекеттик жана корпоративдик башкарууну өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрүн ачып берүүдө турат. Диссертациялык изилдөөнүн төмөнкү натыйжалары илимий билимдин өсүшүнө өбөлгө түзөт:

1. Жаратылышты пайдалануунун концепциясы экологиялык жоопкерчиликтин негизинде ишке ашырылууга тийиш болгон жана жаратылышка аяр мамиле кылууну жана коргоону туюндурган чарбакер субъектилердин айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүсү катары такталды, ага ылайык экономиканын социалдык-экологиялык өнүгүүсүнө системалуу көз караш калыптанды жана туруктуулук критерийи боюнча экономикалык тутумдун өнүгүү түрлөрүнүн матрицасы сунушталды;

2. Өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн критерийлердин тутуму жана өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун сарамжалдуулугун талдоону комплекстүү методологиялык камсыздоо сунушталды, ал жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун сандык өлчөө үчүн автордук формуланы жана өлкөнүн социалдык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун туруктуулугун аныктоо үчүн атайын иштелип чыккан шкаланы өз ичине камтыйт.

3. Жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүлдү, ал Кыргыз Республикасында бул натыйжалуулукка поликритериалдык баа берүү болуп саналат, анын жыйынтыгы боюнча имитациялык моделдер түзүлүп, Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык--экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун интегралдык натыйжалуулугу тутуму жогору болгону менен, тең

салмактуу эместигин, бул жагдай интенсивдүү "жашыл" өсүштүн фонунда социалдык-экономикалык кризиске алып келерин көрсөттү;

4. Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун өркүндөтүлгөн уюштуруучулук-экономикалык механизми сунушталды, анын артыкчылыктары экологиялык каржылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик (улуттук) бюджетке экологиялык каржылоонун жүгүн азайтуу жана аны жеке эко-инвесторлорго берүү, рыноктордо "жашыл" атаандаштыкка дем берүү, экологиялык инвестицияларды көбөйтүү жана жаратылышты циклдик сарамжалдуу пайдалануу, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу багыттарын системалуу камтуу (кемчиликтерди толтуруу) болуп саналат;

5. 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун алгоритми иштелип чыкты, анын артыкчылыктары болуп жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чаралардын так ырааттуулугу, 2030-жылга чейин жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун мезгилдүүлүгү, ар бир баскычта жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууга артыкчылык берүү, ошону менен бирге жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун натыйжалуулугун, туруктуулугун жана аны көзөмөлдөөнү жогорулатуу;

6. Жогорудагы алгоритмге ылайык 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү боюнча комплекстүү сунуштар берилди, ал Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейинки социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча «жол картасын» жана Кыргыз Республикасында 2030-жылга чейин жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн логикалык схемасын камтыйт.

5. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси келечек багыттарды негиздөөдө, комплекстүү илимий-методикалык камсыздоону жана Кыргыз Республикасында анын натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу жолу менен жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун мониторингин жана башкарууну өркүндөтүү боюнча колдонулуучу сунуштарды иштеп чыгууда турат.

Диссертациянын бул тармактагы адабиятка кошкон салымы жана алынган натыйжалардын теориялык мааниси жаратылышты пайдалануунун экономикасы жөнүндө теориялык идеяларды системалаштыруу, Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин өзгөчөлүктөрүн тактоо, ошондой эле анын кемчиликтерин жана аларды жоюу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо болуп саналат.

Диссертацияда камтылган илимий иштелмелер Кыргызстандын ЖОЖдорунун окуу процессинде «Экологиялык экономика», «Жашыл экономика», «Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу», «Корпоративдик экологиялык жоопкерчилик» сыяктуу окуу дисциплиналарын окутууда колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөнүн экономикалык мааниси диссертацияда түзүлгөн Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумун өнүктүрүүнүн сценарийлери жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу жана туруктуулугу призмасы аркылуу биздин өлкөдө жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу келечегин ачып бергендиги менен шартталган. Жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу жана туруктуулугу позициясынан кыйла артыкчылыктуу сценарийди практикага киргизүү боюнча берилген сунуштар 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу жаатындагы потенциалын толук ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.

Авторефераттын белгиленген максаттарга жана милдеттерге, диссертациялык иштин бөлүмдөрүнүн жана пунктчаларынын мазмунуна толук шайкештиги.

7. Эскертүүлөр:

1. Кириш сөздө илимий жаңылыктын, илимий натыйжалардын жана диссертациялык иштин негизги жоболорунун баяндалышын (маанилик жүгүн) толуктап иштеп чыгуу жакшы болмок, анткени алардын окшоштугу жана логикалык каталары бар.

2. 2.3-параграфта сиздер Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумун өнүктүрүүнүн имитациялык моделин жана сценарийлерин жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу жана туруктуулугу көз карашынан сунуш кылабыз, анын жыйынтыгы боюнча күчтүү жана алсыз жактарын көрсөтүү зарыл.

8. Сунуштар:

1. Экономикалык системанын социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун ар тараптуу баалоо үчүн критерийлердин комплексин карап жатып, региондук өңүттө карап чыгуу, башкача айтканда, колдонуу аймагын конкреттештирүү жана аныктоо туура болмок.

2. 1.3-параграфта өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык системасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун баалоого карата методикалык ыкмалардын салыштырма анализи берилген, балким колдонуу зоналарын аныктоо зарыл болгон.

3. Диссертациянын 2-бөлүмүндө көптөгөн эсептөөлөр жана таблицалар бар, анча-мынча зыян келтирбестен кыскартса болот.

9. Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык ишинин негизинде төмөнкү дайындоолорду сунуш кыламын:

*Жетектөөчү мекеме:* Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Экономикалык коопсуздук жана маркетинг» кафедрасы, дареги: 720044, Бишкек шаары Ч. Айтматов проспекти 66

*Биринчи оппонент* - Турдиев Талаай Исраилович экономика илимдеринин доктору, доцент, Ош шаарындагы Россия мамлекеттик социалдык университетинин филиалынын директорунун орун басары.

*Экинчи оппонент* - Туголбаева Дарыйка Манасбековна экономика илимдеринин кандидаты, Муса Рыскулбеков атындагы КЭУ ИИУнин «Туризм, меймандостук жана айлана чөйрө» кафедрасынын башчысы.

9. Корутунду.

Диссертациялык иш жалпысынан аягына чыккан илимий-изилдөө деп эсептелинет, аныкталган сын-пикирлер жана кемчиликтер рекомендациялык мүнөзгө ээ жана диссертациялык изилдөөнүн илимий жана практикалык маанисин төмөндөтпөйт. Изилденген диссертациялык иш белгиленген талаптарга ылайык аткарылган, иште негиз болуп Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун сунушталган өркүндөтүлгөн уюштуруу-экономикалык механизми эсептелинет деп ойлоймун, анын артыкчылыктары болуп экологиялык каржылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик (улуттук) бюджетке экологиялык каржылоонун жүгүн кыскартуу жана аны жеке эко-инвесторлорго которуу, рыноктордо «жашыл» атаандаштыкты стимулдаштыруу, эко-инвестицияларды өстүрүү жана жаратылышты пайдаланууну циклдик рационалдаштыруу болуп саналат, ошондой эле Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдаланууну рационалдаштыруу багыттарын системалуу камтуу (боштуктарды толтуруу). Жогорудагы айтылгандарды эске алып, аталган диссертациялык иш коомдук коргоого сунушталат.

Жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу боюнча берилген сунуштар 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу жаатындагы потенциалын ишке толук ашырууга мүмкүндүк берет.

Берилген автордук сунуштар Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү

практикасын жана жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизмин өркүндөтүүгө алып келет.

11. Диссертациялык кеңештин эксперти, берилген документтерди карап чыгып, Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин 08.00.05 – «Тармактык экономика» адистиги боюнча «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» деген темадагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга даярдалган диссертациясылык ишин Ош мамлекеттик университетинин жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин алдында түзүлгөн К 08.22.656 диссертациялык кеңеште коомчулуктун алдында коргоого алууну сунуштайт.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:** Экинчи эксперттин сунуштарына жооп берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

**А.Ы. Кунназаровдун жообу:** Урматтуу Анаркан Маткасымовна эскертүүлөрдү, сунуштарыңызга макулмун, аны жоюу максатында иш алып барамын.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:** Кийинки сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү, э.и.к. Арзыбаева Менди Абдисалимовнага берилет.

**Арзыбаева Менди Абдисалимовна, э.и.к.:** Саламатсыздарбы Урматтуу Диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү, Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» деген темада 08.00.05 – «тармактык экономика» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши боюнча Ош мамлекеттик университетинин жана Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча К 08.22.656 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, экономика илимдеринин кандидаты Арзыбаева Менди Абдисалимовнанын корутундусу

Изденүүчү Кунназаров Айбек Ысмайылович берген диссертацияны карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алууга укук берилген адистикке иштин дал келиши.

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Бул диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун заманбап тажрыйбасын жана келечегин изилдөөгө байланыштуу учурдагы адабияттардагы аныкталган боштуктарды толтурууга багытталган, бул жагдай теманы тандоону аныктаган, ал толугу менен 08.00.05 – «Тармактык экономика» адистигинин паспортуна толук жооп берет.

2. Диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуулугу Кыргыз Республикасынын бардык чарба жүргүзүүчү субъектилери тарабынан жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу маселелерине көңүл буруунун жогорулашына байланыштуу. Прогрессивдүү кыргыз коомунда экологиялык позиция азыр ачык калыптанып, экопродукцияга олуттуу суроо-талап жаралды. Күчтүү экологиялык баалуулуктар биздин өлкөнүн глобалдык интеграцияланган бизнес чөйрөсүнө терең сиңип калды. Ата мекендик бизнести жогорку деңгээлдеги экологиялык жоопкерчиликти көрсөтүүгө үндөгөн бизнес экологиялык маданият калыптанды.

Баяндалган жеке экологиялык демилгелер мамлекет тарабынан колдоого алынат жана жетекчиликке алынат. Улуттук деңгээлде Кыргыз Республикасынын “жашыл” экономиканы өнүктүрүү саясаты жарыяланды. Бул Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 23-ноябрындагы № 506 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экологиялык коопсуздугунун Концепциясында чагылдырылган, ал ата мекендик экономикалык тутумда экономикалык өсүүнүн “жашыл” багытын ишке ашыруу үчүн бекем мыйзамдык негизди түзгөн. Ал Кыргыз Республикасынын Президентинин

2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгы менен 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук программасы менен толукталып, декарбонизация өлкөбүздүн "жашыл" экономикасынын артыкчылыктуу багыты катары белгиленди.

Бул тармактагы көйгөй Кыргыз Республикасында "жашыл" экономиканы өнүктүрүү үчүн зарыл болгон практикалык иш-чаралардын жетишсиз конкреттештирилгендигинде, ошондой эле ата мекендик экономикалык тутумдун бул курсун күчтүү илимий-методикалык жактан камсыз кылуунун жетишсиздигинде. Жаратылышты пайдалануу экономикасынын жана айлана-чөйрөнү коргоонун теориялык негиздери Д.А. Айрапетов, М.В. Алябьева, Т.М. Алябьева, Е.В. Бобрышева, А.А. Булаков, С.А. Вдовин, Е.С. Волкова, Л.И. Гончарова, А Квадрио Курцио, E.D. Комаревцева, М.Коммон, В.А. Конобраткина, Д.В. Кудряшова, А.А. Курочкина, Ф.Д. Ларичкин, М.А. Мельник, Л. Мирошников, О.Г. Невидимова, Е.Н. Островская, В.А. Павленко, Е.Е. Петрова, М.В. Решетова, К.А. Тисделл, Е.О. Ушакова, А.М. Фадеев, С.В. Федосеев, А.И. Холл, А.Э. Череповицын, Ю.Ш. Шадиметов, И.Шумахер, Е.П. Янкович жана башкалардын эмгектеринде чагылдырылган.

Өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун сарамжалдуулугун өлчөө критерийлери катары учурдагы адабияттарда атап айтканда Х.Абуду, С.Д. Агьеман, И.Альварес -Меаса, Д.Басак, К.Билал, А.Бозе, М.С. Вавилкин, И.А. Дубровин, Л.Йе, Д.Канная, А.С. Куличенко, Н.С. Пласкова, С.Рой, Р.М.Рио-Белвер, Н.А. Рытова, Р.Сай, Е.Саррабейтия -Бильбао, М.И. Табаш, О.В. Умгаева, П.К. Уэссе кенже, С. Цао, И.Р. Чоудхури, М.Хака-Мадариага, Дж Хан, М. Хосин, М. Шаббир жана башка авторлор жаратылышты пайдалануунун туруктуулугун жана натыйжалуулугун сунуштайт.

Өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун социалдык-экономикалык баалоого байланышкан методологиялык маселелер Н.С. Волостнов, В.А. Гаврилова, А.М. Жороева, М.Н. Игнатьева, Н.А. Кайымов, О.Г. Комарова, А.Л. Лазутина, Н.Е. Назарова, З.Р. Носков, Н.Г. Пусра, Н.Н. Романовская, В.Е. Стровский, Н.К. Суйналиева жана башка изилдөөчүлөрдүн басылмаларында чагылдырылган.

Кыргыз Республикасынын социалдык - экологиялык -экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун заманбап тажрыйбасы Д.Ж. Асанбекова, М.Джан, Н.Жолдошев, Т.Жолдошева, А.Т. Жакыпбекова, Ж.И. Истамкулов, А.Кадыралиев, Х.Кан, У.А. Кенжебек, В. Кожогулова, А. Кожомкулова, А.М. Козубалаева, Г.А. Кулчинова, Л.Майсигов, Л.Мардалиева, К.Н. Мурат, И.И. Озийгит, У.Суеркулов, Г.Супаева, Б.М. Туманбаев, А.Хожаоглу-Озийгит, Т.М. Чодураев, Ж.Шералиева, И.Э. Ялчин жана башкалардын изилдөөлөрүндө баяндалган.

Жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу темасы боюнча жарыяланган көп сандагы эмгектер бул диссертациялык изилдөө үчүн бекем теориялык негиз болуп саналат. Бирок, Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумуна айлана-чөйрөнү сарамжалдуу башкаруу концепциясын колдонуунун көптөгөн илимий, методологиялык жана колдонмо маселелери чечилбеген бойдон калууда. Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун социалдык-экономикалык баалоо үчүн көрсөткүчтөрдүн так тутуму түзүлө элек.

Бул баалоо үчүн колдо болгон методдордун көпчүлүгү тар чөйрөгө багытталган, ошондуктан алар өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу жана туруктуулугу жөнүндө жарым-жартылай, бир тараптуу гана түшүнүк берет. Кыргыз Республикасындагы "жашыл" экономиканын улуттук моделинин өзгөчөлүгү, ошондой эле ата мекендик социалдык - экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин маңызы белгисиз, ал эми ата мекендик

"жашыл" экономиканы өнүктүрүүнү мамлекеттик жана корпоративдик башкарууну өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрү так эмес.

Бул диссертациялык изилдөө Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун заманбап тажрыйбасын жана келечегин изилдөөгө байланыштуу учурдагы адабияттардагы аныкталган боштуктарды толтурууга багытталган, бул жагдай теманы тандоону аныктаган.

3. Диссертациянын илимий жаңылыгы өлкөнүн социалдык -экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун системалуу түшүнүүнү калыптандырууда, Кыргыз Республикасында "жашыл" экономиканын улуттук моделинин өзгөчөлүктөрүн тактоодо, ата мекендик социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин маңызын, ошондой эле Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу үчүн бул тутумду мамлекеттик жана корпоративдик башкарууну өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрүн ачып берүүдө турат.

4. Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, негизги илимий программалар (долбоорлор), окуу жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүп жаткан негизги изилдөө иштери менен байланышы. Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 16-июнундагы № 53 «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» Мыйзамын; Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 23-ноябрындагы № 506 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экологиялык коопсуздугунун Концепциясын; Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы № 435 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасын 2026-жылга чейин өнүктүрүүнүн Улуттук программасын практикага киргизүү боюнча илимий-методикалык негизди түзөт жана илимий-практикалык сунуштарды берет.

5. Диссертациянын максаты - Кыргыз Республикасындагы жаратылышты пайдалануунун заманбап тажрыйбасын изилдөө жана анын натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу аркылуу жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу келечегин аныктоо. Бул максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөнкү милдеттер чечилет:

- жаратылышты пайдалануунун концепциясын тактоо, экономиканын социалдык-экологиялык жана экономикалык өнүгүүсүнүн системалуу көз карашын калыптандыруу жана туруктуулук критерийи боюнча экономикалык тутумдун өнүгүү түрлөрүнүн матрицасын сунуштоо;
- өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун баалоо критерийлеринин тутумун жана өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун сарамжалдуулугун талдоону комплекстүү методологиялык камсыздоону сунуштоо;
- Кыргыз Республикасындагы жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү ( поликритериалдык баа берүү) жана анын натыйжалары боюнча Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугунун жана туруктуулугунун имитациялык моделин түзүү;
- Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун өркүндөтүлгөн уюштуруучулук-экономикалык механизмин сунуштоо;
- Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун алгоритмин иштеп чыгуу;
- 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү боюнча комплекстүү сунуштарды берүү.

6. Коргоо үчүн берилген диссертациянын негизги жоболору:

1. Коомдогу иштердин, экономиканын жана табияттын абалынын айкалышына жараша туруктуулук критерийи боюнча экономикалык тутумдун өнүгүүсүнүн бир нече түрлөрү аныкталды. Эгерде социалдык-экономикалык жана экологиялык натыйжалуулуктун жогорку деңгээли бир убакта байкалса, экономикалык тутумдун туруктуу социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүүсүнө жетишилет. Калган бардык учурларда бул тутумдун өнүгүшү туруктуу эмес.

Алсак, экологиялык натыйжалуулугу жогору, бирок социалдык-экономикалык натыйжалуулугу төмөн экономикалык тутумдун социалдык-экономикалык кризиси анын интенсивдүү "жашыл" өсүшүнүн фонунда келип чыгат. Социалдык-экономикалык натыйжалуулугу жогору, бирок экологиялык натыйжалуулугу төмөн болгон экономикалык тутумдун экологиялык кризиси анын интенсивдүү экономикалык өсүшүнүн жана социалдык прогрессинин фонунда пайда болот. Эгерде социалдык-экономикалык жактан да, экологиялык жактан да натыйжалуулук төмөн болсо, бул экономикалык тутумдун системалуу кризисин шарттайт, анда толугу менен социалдык-экологиялык-экономикалык өнүгүү жок деп эсептелет.

2. Өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун сандык өлчөө үчүн автордук формула сунушталды, ага ылайык жаратылышты пайдалануунун интегралдык натыйжалуулугу берилген тутумда жаратылышты пайдалануунун экономикалык, социалдык жана экологиялык натыйжалуулугунун орточо арифметикалык маанисин табуу менен аныкталат. Алардын ар бири өзүнчө бааланат, бул жагдай терең, толук баа берүүнү камсыздайт жана өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун интегралдык натыйжалуулугунун өзгөрүшүнүн себеп-натыйжа байланыштарын аныктоого мүмкүндүк берет.

Ошону менен бирге өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун туруктуулугун аныктоочу шкала иштелип чыкты. Бул шкалага ылайык, өлкөнүн экономикалык, социалдык жана экологиялык туруктуулугуна туура келген Туруктуу өнүктүрүү максаттарынын (ТӨМ) көрсөткүчтөрүнүн орточо арифметикалык маанилери канчалык чоң, ал эми ТӨМ көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүшү канчалык аз болсо, өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануу практикасы ошончолук туруктуу болот.

3. 2022-жылы Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында жаратылышты пайдалануунун топтолгон жетишкендиктеринин өсүү темпи жаратылышты пайдалануунун кемчиликтеринин өсүү темпине караганда тезирээк экендиги аныкталган. Бул Кыргыз Республикасынын социалдык -экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун жогорку интегралдык натыйжалуулугун көрсөтүп турат. Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун интегралдык туруктуулугу жогору, жаратылышты пайдалануунун туруктуулугунун өзгөрүүсү төмөн болуп чыкты.

Автордук шкала боюнча, бул айкалыштыруу биздин өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумундагы жаратылышты пайдалануу практикасынын "дээрлик жетишилген туруктуулугу" катары чечмеленет. Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу өлкөнүн социалдык-экологиялык-экономикалык тутумун өнүктүрүүнүн оптималдуу түрүнө - туруктуу өнүгүүгө өтүүнү болжолдойт. Бул жаратылышты пайдалануунун экономикалык натыйжалуулугун жана туруктуулугун, ошондой эле Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун экологиялык натыйжалуулугун андан ары жогорулатууну талап кылат.

4. Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу потенциалын толук ишке ашыруу үчүн жогоруда аталган себептердин бардыгын жоюу, ошону менен биздин өлкөдө жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизмин өркүндөтүү

зарыл. Анын өзгөчөлүгү - Кыргыз Республикасынын “жашыл” экономикасын өнүктүрүүдө негизги ролду жеке рыноктун агенттерине бергендигинде. Бирок бул роль стихиялуу эмес, ата мекендик экономикалык тутумда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугу жана туруктуулугу үчүн стратегиялык артыкчылыктарды, талаптарды, нормаларды, стандарттарды белгилеген мамлекеттик жөнгө салуучу органдардын так жетекчилиги астында аткарылат.

Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча жеке рыноктун агенттеринин аракеттерин жөнгө салууну жакшыртуу үчүн мамлекет тарабынан бул аракеттер жекече эмес, жамааттык түрдө жүргүзүлөт. Бул максатта Кыргыз Республикасынын “жашыл” экономикасынын бизнес чөйрөсүндө төрт перспективдүү интеграциялык процессти: мамлекеттик-жеке өнөктөштүк, экологиялык кластерлер, “жашыл” эркин экономикалык аймактар жана “жашыл” технопарктарды пайдалануу сунушталды.

5. Кыргыз Республикасында «жашыл» экономиканы өнүктүрүүнүн үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу максатында (адегенде 2026-жылга чейин, андан кийин 2027-2030-жылдары) анын натыйжалуулугу жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуунун алгоритми иштелип чыкты. Ал 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун үч баскыч менен жогорулатууну камтыйт.

Биринчи баскыч- жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугундагы чабал жактарды жоюу. Экинчи баскыч - ар кандай критерийлер боюнча натыйжалуулуктун ажырымын жоюу - жаратылышты туруктуу пайдаланууга жетишүү. Үчүнчү баскыч - натыйжалуулукту тең салмактуу жогорулатуу жана жаратылышты пайдалануунун туруктуулугун бекемдөө.

6. Биздин өлкөдө “жашыл” экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу чөйрөсүндө жогорку натыйжалуу чечимдерди кабыл алуу үчүн түзүлгөн “жол картасына” ылайык, 2030-жылга чейин аны толуктоо үчүн Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн логикалык схемасы иштелип чыкты. Эгерде план аткарылбаса, анда биздин өлкөдө жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугунүн кесепеттери аныкталат. Эгерде кесепеттер олуттуу болсо, келечектеги мезгилде олуттуу четтөөлөр аныкталган расмий статистикалык көрсөткүчтөрдүн пландалган маанилерине жетүү боюнча чараларды күчөтүү зарыл.

Эгерде план ашыгы менен аткарылса, анда биздин республикада жаратылышты пайдалануунун туруктуулугу үчүн кесепеттери аныкталат. Эгерде кесепеттер олуттуу болсо, анда расмий статистиканын башка көрсөткүчтөрүнүн өсүү темптерин тездетүү мүмкүндүгү такталат. Эгерде мындай жагдай ыктымал болсо, өсүү темпин тездетүү мүмкүн болгон көрсөткүчтөр үчүн пландаштырылган маанилерди жогорулатуу сунушталат. Эгерде мындай жагдай мүмкүн болбосо, расмий статистиканын бул көрсөткүчү боюнча максаттуу көрсөткүчкө жетишүүгө багытталган иш-чараларды каржылоону кыскартуу максатка ылайыктуу. Бул пландан четтөөлөрдүн алдын алат жана иш жүзүндө пайда болсо, аларды оңдойт.

7. Изденип алуучунун жеке салымы. Диссертацияны жазууда изденип алуучунун фундаменталдык изилдөөлөрү «жашыл» экономикада башкаруунун объектиси катары жаратылышты пайдалануунун илимий түшүнүгүн тактады. Туруктуулуктун критерийи боюнча экономикалык тутумдун өнүгүшүнүн автордук типологиясы ишке ашырылган. Мониторингге автордун илимий-методикалык мамилеси иштелип чыккан жаратылышты пайдалануунун рационалдуулугуна мониторинг жүргүзүү, бул анын поликритериалдуулугунун негизинде баа берүүнүн тактыгын жогорулатууга, ошондой эле натыйжалуулук жана туруктуулук позициясынан баа берүүнүн натыйжаларын сапаттык

чечмелөөнү жакшыртууга мүмкүндүк берет. Көрсөтүлгөн ыкма сыноодон өттү, ал Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин өзгөчөлүктөрүн аныктоого, анын кемчиликтерин негиздөөгө жана аларды жоюунун келечегин көрсөтүүгө мүмкүндүк берди.

8. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси келечек багыттарды негиздөөдө, комплекстүү илимий-методикалык камсыздоону жана Кыргыз Республикасында анын натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу жолу менен жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун мониторингин жана башкарууну өркүндөтүү боюнча колдонулуучу сунуштарды иштеп чыгууда турат.

Диссертациянын бул тармактагы адабиятка кошкон салымы жана алынган натыйжалардын теориялык мааниси жаратылышты пайдалануунун экономикасы жөнүндө теориялык идеяларды системалаштыруу, Кыргыз Республикасындагы жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин өзгөчөлүктөрүн тактоо, ошондой эле анын кемчиликтерин жана аларды жоюу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо болуп саналат.

Диссертацияда камтылган илимий иштелмелер Кыргызстандын ЖОЖдорунун окуу процессинде “Экологиялык экономика”, “Жашыл экономика”, “Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу”, “Корпоративдик экологиялык жоопкерчилик” сыяктуу окуу дисциплиналарын окутууда колдонулушу мүмкүн.

9. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна шайкештиги.

Автореферattтын белгиленген максаттарга жана милдеттерге, диссертациялык иштин бөлүмдөрүнүн жана пункттчаларынын мазмунуна толук шайкештиги.

10. Эскертүүлөр:

1. Экинчи бөлүмдө таблицаларда берилген көптөгөн санариптик маалыматтар берилген жана корголуучу аймактардын аймагынын каржылоо булактарынан көз карандылыгына регрессиялык талдоо жүргүзүлгөн, анын булактары боюнча бөлүнгөн. Эмне үчүн биринчи главада эсептөөлөр үчүн формулалар жок жана эсептөөлөр кандай маалыматтарга негизделген?

2. 3.1-пунктта 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасында экологияны башкаруунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуунун алгоритми сунушталат: ал кайсыл чөйрөдө, канчалык деңгээлде жүргүзүлүшү керек жана ал эмнени берет?

11. Сунуштар:

1. 1.2-пунктта, балким, 5-сүрөттүн аталышында “баалоо” деген сөз жок болушу мүмкүн, башкача айтканда, “Экологиялык контекстинде экономикалык коопсуздукту баалоо матрицасы”.

2. 2-пунктта корголуучу жаратылыш аймактарынын аянтынын анын булактарынын контекстинде каржылоого көз карандылыгына регрессиялык талдоо жүргүзүлөт. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде бул жерде эсептөөлөр үчүн санариптик таблицаны берүү туура болмок.

3. Иш колдонулган адабияттардын тизмесин тактоо жана ата мекендик авторлорду кошуу керек.

12. Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык ишинин негизинде төмөнкү дайындоолорду сунуш кыламын:

*Жетектөөчү мекеме:* Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Экономикалык коопсуздук жана маркетинг» кафедрасы, Дареги: 720044, Бишкек шаары Ч. Айтматов проспекти 66.

*Биринчи оппонент* - Турдиев Талаай Исраилович экономика илимдеринин доктору, доцент, Ош шаарындагы РМСУнун директорунун орун басары

*Экинчи оппонент* - Туголбаева Дарыйка Манасбековна экономика илимдеринин кандидаты, Муса Рыскулбеков атындагы КЭУ ИИУнин «Туризм, меймандостук жана айлана чөйрө» кафедрасынын башчысы:

13. Корутунду.

Жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу боюнча берилген сунуштар 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу жаатындагы потенциалын ишке толук ашырууга мүмкүндүк берет.

Берилген автордук сунуштар Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү практикасын да, жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизмин да өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет.

Диссертациялык иш жалпысынан аяктады деп эсептелет, аныкталган сын-пикирлер жана кемчиликтер рекомендациялык мүнөзгө ээ жана диссертациялык изилдөөнүн илимий жана практикалык маанисин төмөндөтпөйт. Изилденген диссертациялык иш белгиленген талаптарга ылайык аткарылган, иште негиз болуп Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун сунушталган өркүндөтүлгөн уюштуруу-экономикалык механизми эсептелет деп эсептейм, анын артыкчылыктары болуп экологиялык каржылоонун натыйжалуулугун жогорулатуу, мамлекеттик (улуттук) бюджетке экологиялык каржылоонун жүгүн кыскартуу жана аны жеке эко-инвесторлорго которуу, рыноктордо «жашыл» атаандаштыкты стимулдаштыруу, эко-инвестицияларды өстүрүү жана жаратылышты пайдаланууну циклдик рационалдаштыруу эсептелет, ошондой эле Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдаланууну рационалдаштыруу багыттарын системалуу камтуу (боштуктарды толтуруу). Коомдук коргоого сунушталат.

14. Диссертациялык кеңештин эксперти, берилген документтерди карап чыгып, Кунназаров А. Ы. Ош мамлекеттик университети жана Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин алдындагы К 08.22.656га карата диссертациялык кеңешке «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» деген темадагы Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин 08.00.05 – «Тармактык экономика» адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган кандидаттык диссертациясын эл алдында коргоого алууну сунуштайт.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:** Үчүнчү эксперттин сунуштарына жооп берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

**А.Ы. Кунназаровдун жообу:** Урматтуу Менди Абдисалимовна эскертүүңүзгө; экинчи бөлүмдө таблицаларда берилген көптөгөн санариптик маалыматтар берилген Диссертациянын экинчи главасында алынган тыянактар натыйжада, Кыргыз Республикасындагы жаратылышты пайдалануунун учурдагы натыйжалуулугу жана туруктуулугу, ошондой эле алардын өзгөрүшүнүн себеп-натыйжа байланыштары жөнүндө бирдиктүү көрүнүштү түзүүгө мүмкүндүк берди. Биринчиден, Кыргыз Республикасында жаратылышты сарамжалдуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизминин өзгөчөлүктөрү аныкталган. Биринчи өзгөчөлүгү болуп жаратылышты башкарууну жеке каржылоонун мамлекеттик каржылоого караганда басымдуулугу эсептелет. Экинчи эсертүүңүзгө жогоруда аталган алгоритмге ылайык, 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү боюнча комплекстүү сунуштар берилди, анын ичинде: 1) алгоритмдин ар бир баскычында (2026-ж., 2028-ж. жана 2030-ж.) жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү үчүн көрсөткүчтөрдүн көзөмөлдүк маанилери; 2) 2030-жылга чейин Кыргыз Республикасынын социалдык-экологиялык-экономикалык тутумунда жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу боюнча "жол картасы"; 3) 2030-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасында жаратылышты

пайдалануунун натыйжалуулугуна жана туруктуулугуна мониторинг жүргүзүүнүн логикалык схемасы сунушталган. Сунуштарыңызга рахмат, изденүүлөрүмдө эске аламын.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:**. Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, биз эксперттик комиссиянын сунуштарын карап, Расмий оппоненттерди бекитүүнү колдоого койомун:

1) Биринчи оппонент - Турдиев Талаай Исраилович экономика илимдеринин доктору, доцент, Ош шаарындагы РМСУнун директорунун орун басары:

**2)** Экинчи оппонент - Туголбаева Дарыйка Манасбековна экономика илимдеринин кандидаты, Муса Рыскулбеков атындагы КЭУ ИИУнин «Туризм, меймандостук жана айлана чөйрө» кафедрасынын башчысы:

3) Жетектөөчү мекеме: Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Экономикалык коопсуздук жана маркетинг» кафедрасы.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары:
Ким "макул" - ДКтин 11 мүчөсү
"Каршы" - жок
"Калыс" – жок
Добуш берүү бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.:**. Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, коргоо күнү 2024-жылдын 28-июнь саат 16:00 гө белгиленет. Анда ушул сунушка добуш берип койсок.

Макул-11 добуш, каршы-жок, калыс-жок.

Ош мамлекеттик университети жана Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты даражасын коргоо боюнча түзүлгөн К 08.22.656 Диссертациялык кеңештин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

Изденүүчү Кунназаров Айбек Ысмайыловичтин «Кыргыз Республикасында жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу» деген темадагы 08.00.05 – тармактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертациялык иши алдын ала коргоодон өттү деп эсептелип, ачык коргоого сунушталсын.

Диссертациялык ишке жетектөөчү мекеме: Исхак Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Экономикалык коопсуздук жана маркетинг» кафедрасы. Расмий оппонент Турдиев Талаай Исраилович экономика илимдеринин доктору, доцент Ош шаарындагы РМСУнун директорунун орун басары, экинчи расмий оппонент Туголбаева Дарыйка Манасбековна экономика илимдеринин кандидаты, Муса Рыскулбеков атындагы КЭУ ИИУнин «Туризм, меймандостук жана айлана чөйрө» кафедрасынын башчысы:

**Отурумдун төрагасы,**
**К 08.22.656 Диссертациялык**
**кеңештин төрагасы э.и.д., профессор** **Ч.Р. Кулуева**

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, э.и.к.** **К.И. Исманалиев**